Тиркеме 5. Сабактын планы.



**Таалайбек Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин англис тили мугалими жана 7-класстын класс жетекчиси : Барыктабас кызы Сайкал**

**Тарбиялык саат: 7-класс**

**Сабактын темасы:** Элдин пейили,сыйчылдыгы,меймандостугу.

**Сабактын максаты**

**Билим берүүчүлүк :** Окуучулар кыргыз элинин кең пейили, сыйчылдыгы, меймандостугу тууралуу маалыматка ээ болушат.

**Өнүктүрүүчүлүк :** Окуучулар байыркы бабалардан калган жакшы сапаттарды өздөштүрүп , өнүктүрүшөт, аларды турмушта пайдаланып, сактай жана баалай билүүгө үйрөнүшөт. Сүйлөө кептери өсөт.

**Тарбия берүүчүлүк :** Кеңпейилдикке, мейман күтө билүүгө, колунда барын башкалар менен бөлүшкөн берешендикке, улуу кичүүнү сыйлай билүүгө тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды өздөштүрүү, интерактивдүү,көрсөтмөлүү

**Сабактын формасы:** Топтор менен иштешет

**Сабактын жабдылышы:** Түстүү сүрөттөр, кыргыз элинин улуттук тамак ашы, улуттук кийимдери. Слайд.

**Сабак аралык байланыш :** Кыргыз адабият,тарых

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу

Жагымдуу маанай түзүү.

Топторго бөлүү( 1-топ Байыркы кыргыз эли, 2-топ Заманбап кыргыз эли)

Баалоо критерийлери менен тааныштыруу( Топтордо жана жекече бааланат)

**Шыктандыруу:**

Кемер, кул, кесел өтүк ак калпагың,

Кээ уулуң билбей жүрөт анын баркын.

Элиңе белги берип тааныштырган,

Кийиминден кагылайын кыргыз калкым.

Үйүңө конок келсе жүзүң жарык,

Кой сойуп сыйлай жүргөн ата-салтың.

Кызытып кымыз берип, май жедирген,

Пейилинден кагылайын кыргыз калкым.

**Жаңы теманы түшүндүрүү:**

Кыргыз эли кең пейил, сыйчыл, мѐймандос эл. " Конок үйдүн куту" деген нуска сөздү бекем тутушуп, үйүнө келген конокту кой сойуп сыйламайынча кетирген эмес. Айттырбай келген конокту илгерки ата-бабаларыбыз кудай конок деп атап коюшчу, ал кудай конок үчүн да берээр тамагы ар дайым белен болгон.

" Үйгө канча кут кирсе,ошончо кут кирет" деген түшүнүктү бекем сакташып,келген конокту кут деп эсептеп келишкен.

Меймандостук кыргыз элинин рухундагы көөнөрбөс салттарынын бири. Кыргыз элинин сыйчылдыгы, меймандостугу алардын дасторконунан билинген. Дасторкон ошол үйдүн сыймыгы ,бактысы болгон. " Жайыл дастаркон", "Кең дастаркон", " Дасторкону кууш" деп сындашкан.

Даам татуу , даам таттыруу да пейилди билдирет. Ошентип , бирөөнүн дастаркону сизди сыйлоонун аракетинде болот. Илгеркилер сыйдын да,сыйлоонун да кадырына жетүүчү,жарпын жазышып, жадырап жайнап, дасторконго койгонун барктоочу. Азы –көбүнчө ыраазы болушчу, үй ээсин урматташчу.

Азыркы учурда кыргыз элинин меймандостугу туризм тармагында жогорку бааланган артыкчылык, анткени ал достук мамилени, чет мамлекеттен саякаттап келгендерди жылуу тосуп алууну билдирет.

**Топтордо иштөө:**

1-топ байыркы кыргыз элинин сыйчылдыгы,меймандостугу тууралуу сценка аткарып беришет. 2-топ заманбап кыргыз эинин меймандостугу,сыйчылдыгы тууралуу сценка атарып беришет.

Байыркы кыргыз эли менен заманбап кыргыз элинин меймандостугу, сыйчылдыгы туурасында ой толгоолор болот.

**Жагымдуу музыка :** Гулнур Сатылганова " Дастаркон"

Элибизге мейман келсе,
Жайылат ак дасторкон.
Дүйүм тамак, шербет мейиз,

Дасторконго жык толгон.
Кыргыз пейили тоодой бийик,
Көлдөй таза, туптунук.
Колдо барын төгүп салып,
Аябагын достордон.

Дасторконду кенен жайгын,
Күлкү болсун, ыр болсун.
Бабалардан калган мурас,
Келе жатат бул жосун.
Элге-жерге берсин бакыт,
Кут төгүлгөн береке.
Умай эне, Теңир ата,
Урпактарын колдосун.

Дасторкондун даамын сызып,
Көтөрөлү көңүлдү.
Ынтымагы болсун дайым,
Болсун элим өмүрлүү.
Намысыңды дасторкондой,
Кирсиз, таза сактагын.
Арам ойлуу адам келсе,
Тебелетпе төрүңдү.

**Слайд көргөзүлөт:** окуучулар ар бир сүрөткө токтолуп өз ойлорун ортого салышат, макалдарды топтордо чечмелешет

**Уйкашмак :**

Кыргызыма бериптир ак көңүлдү.

Ала –Тоодо өткөрсүн деп,

Бийик ,шайдоот,корктуү өмүрдү.

Мейман келип калса ашын жайнаткан,

Ачык маанай ,бериптир кең п.й.лд.

“ Конок үйдүн куту” дешет элимде,

Мейман күтөт олтургузуп т.р.н.

**Сабакты бышыктоо:** Эмне үчүн кыргыз элин меймандос эл дейбиз?

Ушул сапаттардын кайсынысы сенде бар деп ойлойсуң?

Адамдагы ушул сапаттарды кантип болот,сенин сунушуң?

**Баалоо :** топтордогу упайлайрды эсептөө,жыйынтыгын чыгаруу.

**Үй тапшырма :** төмөндөгү таблицадагы суйлөмдөрдү колдонуп дилбаян жазып келесиңер.

| Кеңпейилдик | Сыйчылдык | Меймандостук |
|---|---|---|
| - Жан дүйнөнүн тазалыгы, пейили кенен<br>- Ичтин кенендиги<br>- Марттыгы<br>- Берешендиги<br>- Бироөдөн жакшылыгын аябайт.<br>- Колуна барын эл менен тең бөлүшөт<br>- Элден жардамын аябайт.<br>- Жайыл дасторкон | -Ата-энесин сыйлайт<br>- Бир туугандарын сыйлайт.<br>- Кыздарды сыйлайт<br>- Улуу-кичүүлөрдү сыйлайт<br>. - Жолдошторун сыйлайт.<br>- Меймандарын сыйлайт.<br>- Классташтарын сыйлайт. ж.б | - Үйгө келген мейманды дасторкон жайып сыйлоо<br>- Мейманды дос жолдош катары коноктоо<br>- Туугандарды чакырып мал союп сыйлоо<br>- Үйгө жатып-конуп калган адам конок болот.<br>- Ашың болбосо да кашың болсун дегендей, колдо бар тамак менен мейман күтүү |

**Сабактын планы**

**Предмет:** Кыргыз тили **Класс** : 11

***Мугалим : Тургамбаева Айзада Турсуналиевна***



**Сабактын темасы:** Салыштырмалуу суйлөмдөр (ЖРТгө даярдоо)

**Сабактын максаттары:**

| **Билим беруучулук:** | **Өнуктуруучулук:** | **Тарбиялык:** |
|---|---|---|
| -Салыштырмалуу суйлөмдөр тууралуу буга чейинки билгичтиктерине таянып, билимдерин кенейтуу;<br>-Жаны маалыматтарга ээ болуу; | Тесттер менен иштөөдө өз алдынча ой жугуртуп, туура жана ишенимдуу жооп беруу;<br>-логикалык ой жугуртуусун арттыруу;<br>-сөз байлыгын өстуруу;<br>Кунт коюп окуу, ар бир сөзгө маани беруу; | -өз алдынча иштөөгө;<br>-Бирин-бири сыйлоого;<br>-Уга билуугө:<br>-билим алууга багыт алышат; |

**Сабакта колдонулган рессурстар:** проектор,таркатмалар, ватман, таблицалар,лозунг.

**Сабактын тиби:** Бышыктоо сабагы.

**Сабактын журушу:**

1. Уюштуруу
2. Физикалык мейкиндик.
3. Алтын эреже:

***Ийгилик: жакшылык***

***А) шаттык : кубаныч***
***Б) Эмгек: достук***
***В) кыйынчылык : сыноо***
***Г) устат: шакирт***

4. Жагымдуу маанай (слайд 1-класстагы суреттөр)
5.Сабакка максат коюу: Окуучулардын көз карашында…
Мугалим толуктоо киргизет.

***Биз тесттен мыкты упай алабыз!***

Сабактын урааны: ***Уксам-унутам, көрсөм-эстейм, иштесем – үйрөнөм!***

**6. Сабакты баалоо:**

| | |
|---|---|
| Аналогия боюнча | 30 упай |
| Сүйлөм толуктоо боюнча | 20 упай |
| Кошумча суроолор боюнча | 10 упай |

**Үй тапшырма текшерүү:** (Туура жоопту доскага илүү)

**Өтүлгөндөр боюнча кайталоо:**

1.Аналогия (Окшоштуктар) боюнча түшүнүк берүү

| SECOM | NOVA |
|---|---|
| Нурзат | Бермет |

Аналогиялардын байланыш түрлөрү:

1. Антонимдик байланыш
2. Синонимдик байланыш
3. Шайман жана анын милдети
4. Шайман жана анын жардамчысы
5. Уста жана анын милдети
6. Уста жана анын жардамчысы

7. Жандык жана ага таандык жер
8. Зат жана ага тиешелуу кыймыл
9. Зат жана анын эн негизги сыпаты

**Тапшырма:**

| | | |
|---|---|---|
| **1.Кужурмөн: бекерчи** (Антонимдик байланыш)<br>А) Сулуу: кооз<br>Б) жакшы: кайдыгер<br>В) проблема : маселе | **2. Жоош : момун** (Синонимдик байланыш)<br>А) кычкыл : ачкыл<br>Б) ийри : кыйшык<br>В) өткур : курч<br>Г) көркөм : кооз | **3. Басым : паскаль** (Шайман- милдет)<br>А) тазалык : суу<br>Б) өмур : убакыт<br>В) вольтметр : вольт<br>Г) курак : жаш |
| **4. Калем : кагаз** (Шайман-жардамчы)<br>А) кнопка : телевизор<br>Б) ооз : тамак<br>В) утук : кездеме<br>Г) казык : жер | **5. Жан сакчы: коргоо** (Уста-милдет)<br>А) сүрөтчү : сүрөт<br>Б) кассир : эсептөө<br>В) жургунчу : жетуу<br>Г) таксист : суйлөшуу | **6. Темирчи : темир** (уста - жардамчы)<br>А) экономист : экономика<br>Б) ашпоз : аш<br>В) саанчы : сут<br>Г) зергер : алтын |
| **7. Тоок : тооккана** (Жандык ага таандык жер)<br>А) суур : ийин<br>Б) уй : сарай<br>В) аюу : ункур<br>Г) аркар : аска | **8. Комуз : чертуу** (Зат ага тиешелуу кыймыл)<br>А) Телевизор : өчуруу<br>Б) сандык : сатып алуу<br>В) сулгу : сүртуу<br>Г) отун : жагуу | **9. кирпи : тикендуу** (зат анын негизги сапаты)<br>А) аюу : уйкучу<br>Б) жылкы : жалдуу<br>В) адам : калпактуу<br>Г) унаа : дөңгөлөктуу |

**Тапшырма:**

1. **Суйлөм айтылыш максатына карай:**
2. **Суйлөм тузулушуне карай:**

3. **Жөнөкөй сүйлөмдөр:**

4. **Татаал сүйлөмдөр:**

**Сүйлөм толуктоодо эмнелерге көңүл бурабыз?**
**- сүйлөмдү жакшылап окуу;**
**-маанисин түшүнүү;**
**- маанилик жактан ажыратуу;**
**-ар бир сөзгө маани берүү;**
**-байламта, жандооч, киринди сөздөргө маани берүү;**
**-эгерде жоопто бир нече туура жооп болсо , анда кошумча ойго көңүл бурүү керек;**

**Сүйлөмдүн маанилик түрлөрүн аныктоо:**

**Себеп –натыйжалаш сүйлөм - Нурзат**
**Мезгилдеш сүйлөм - Баян**
**Түшүндүрмөлүү сүйлөм - Азамат**
**Шарттуу сүйлөм - Ислам**
**Карама-каршы сүйлөм - Бермет**
**Орун сүйлөм - Байаман**

**Тема: Салыштырма сүйлөм**

**Байаман- Жаныш, Нурзат –Аскар, Назик – Нурзат.**

| Эрежеси: | Таяныч сөздөр: |
|---|---|
| Бир зат, тушунук же нерсе башка затка, тушунукке салыштырылып берилет. | караганда, сыяктуу, сымал, +дай эле |

Мисалы:

| | |
|---|---|
| 1. Тоо арасын __________ бузат,<br>Эл арасын __________ бузат. | 2. Эрди _________ өлтурөт,<br>Коенду ________ өлтурөт. |
| 3. Кайгы ________, канаат __________. | 4. __________ сөз көңул көтөрөт, __________ сөз көңул чөктурет. |

5.. __________________ маанилуу болгондой эле , башкаларга ___________________ билуу керек.

А) кечиримдуу болуу / кыялын көрсөтө

Б) өзун-өзу өнуктуруу / билгенин уйрөтө

В) алдыга умтулуу/ акыл айта

Г) женишке жетуу / орун бошото

6.Эксперттер тузсуз суу нефть менен газга караганда __________________ маанилуу ресурс болуп калат деп эсептейт,анткени сууну алмаштыруучу бирдей баадагы нерсени табуу ___________________, ал эми нефть жана газды альтернативдуу булактардын энергиясы менен алмаштыруу ______________________.

А) көбүрөөк / мумкун / мумкун эмес

Б) көбүрөөк / мумкун эмес / мумкун

В) азыраак / мумкун эмес / мумкүн

Г) азыраак / муикун / мумкун

7. Ал - ____________ адам, ____________________ жактырбастыгы анык.

А) тыкан / ызы-чуу

Б) тунт / көпчүлүктү

В) сарамжал / ысырапкордукту

Г) шайыр / жөнөкөйлүктү

8. _____________ адам бактылуулукка _________________________ жетет, ____________болсо, ________________ мактанганына ыраазы болуп жүрө берет.

А) Билимдуу / мугалими мактаганда / билимсиз / достору

Б) Ден соолукта / адис болгондо/ алсыз / догдурдун

В) Байкуш / туугандуу болгондо / текебердуу / уй- булөсунун

Г) Акылдуу / өзунө ыраазы болгондо / акмак / башкалардын

Сабакты бышыктоо: Өз алдынча суйлөм тузуу.

Баалоо жыйынтыгын чыгаруу.

Уй тапшырма : Тест тузуу

Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим беруу мектеби

# Барабардык жана барабарсыздык

## 3-класс

Мугалим:Тынчтыкбек кызы Айпери

Бекитемин : ____________ Математика 3-класс

08.11.22

**Сабактын темасы:** Барабардык жана барабарсыздык

**Сабактын максаты**: Окуучулар барабардык жана барабарсыздык темасы жонундо берилген туюнтмалар аркылуу тушунук алышат.

Окуучулар оз алдынча иштоого аракет жасашат,мисал-

маселелерди аткара алышат .

Окуучулар алган билимдерин жашоо-турмушта пайдалана

билишет.

**Сабакта колдонулуучу усулдар:** Моделдердин коптугу стратегиясы:

а)жеке

б)топ

**Сабакта колдонулуучу ресурстар**: темага карата суроттор, ноутбук, окуу куралдары

**Сабактын тиби:** Жаңы билим берүүчүлүк

**Сабактын формасы**: стандарттуу

**Сабактын журушу:**

| | **Мугалимдин ишмердүүлүгү** | **Окуучунун ишмердүүлүгү** |
|---|---|---|
| **Уюштуруу Жагымдуу маанай түзүү** | Саламатсыңарбы? Урматтуу окуучулар!<br>Ден соолукта болуп, окууларыңарга ийгиликтерди каалайм.<br>Алтын эреже түзүү,топторго болуу | |
| **Отулгон теманы кайталоо** | Окуучулардын уйдон иштеп келген тапшырмаларын текшеруу | **Окуучулар иштеп келген тапшырманы текшертишет** |
| **Жаңы тема** | **Акылга чабуул**:<br><br>Балдар булар эмнелер,эки алманы салыштыргылачы,экоо кандай экен?<br>Тен экен,математика тилинде бирдей тен болгон нерселерге кандай белги коебуз?<br><br>Туура барабар деген белгини коебуз. | Окуучулар түшүнүктөрүн дептерге жазышат. |

| | | |
|---|---|---|
| | <br><br>Эми балдар,бул алмуруттарды салыштыгылачы<br>биринчи алмуруттан экинчи алмурут чон.<br>Кандай белги коюлат?<br>Чон,кичине белгиси коюлат.Демек эки алмурут<br>барабарсыздык болуп саналат.<br>Анда бугунку ото турган темабыз,Барабардык<br>жана барабарсыздыктар.<br><br>Сабактын максаты менен тааныштыруу.<br><br>Туюнтмалардын маанилерин байкагылачы.<br><br><br><br>Ооба ,тунтмалардын жазылыштары ар кандай<br>болгону менен, маанилери бирдей-24<br>Андыктан туюнтмаларды эки-экиден бири-бирине<br>барабарлап жазууга болот.Булар барабардыктар<br>деп аталышат.<br><br><br>Ал эми бул туюнтмалардын маанилерин<br>байкагылачы<br><br>Барабардык деп аталабы?<br>Эмне себептен?<br>Тушундуруп бере аласынарбы?<br><br>Туура 5*3<10+7 барабарсыздык деп аталат.<br><br><br>Тапшырма<br>Мааниси барабар болгон бир туюнтма,мааниси<br>барабарсыздык болгон бир туюнтма тузгулочу. | Окуучулар оз<br>ойлорун<br>айтышат. |

| | | |
|---|---|---|
| Физминутка | Ак сандык,кок сандык оюну.<br><br>Жадыбал суроо | Тапшырмаларды аткарышат |
| Ыкчам тест | Топторго тапшырма беруу.<br>Маселе иштоо.<br>Русландын беш сому бар.Алмаздын акчасы андан 3эсе коп.Алмаз бардык акчасына 3сомдон дептер сатып алган.Ал канча дептер сатып алган?<br><br>Русландын-5с.бар<br>Алмаздын-3 эсе коп<br>Алмаз бардык акчасына 3сомдон дептер сатып алган.Ал канча дептер сатып алган?<br><br>15:3=5 Жообу:5дептер<br><br>Азаматсынар!Балдар бул маселени дагы кандай чыгарсак болот?<br>15 санын кантип таптынар?<br><br>Чын эле ушундай болот деп ойлойсунарбы? | Жадыбалды айтышат<br><br>Маселени 3.4 жол менен иштешет |

| | | |
|---|---|---|
| **Бышыктоо** | 4-класстагы Жаннат мааниси 18 болот деп жатат ,силер ошого макулсунарбы?<br>Ал кандай кылып чыгарган деп ойлойсунар?<br><br>Абдан жакшы тушундум,суроом бар,тушунгон жокмун. | Тушунгондору боюнча салышат |
| **Жыйынтыктоо** | Бугунку сабак жактыбы,ушуну менен сабакты аяктайбыз. | |
| **Уй тапшырмасы** | 468-469 номерди иштоо | |
| **Баалоо** | Топтогон карточкаларды саноо | |